Бул сүйлөмдөрдөгү чекит,суроо, илеп белгилеринин жана көп чекиттин коюлушу сүйлөмдүн маанисине негизделди, ал эми сызыкча, үтүр, кош чекиттердин коюлушу сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшү менен шартталып турат. Мында интонациянын ролун да жокко чыгарууга болбойт. Мисалдардан баамдагандай жазуудагы тыныш белгилердин коюлуш жоболору өз ара тыгыз байланышта болгон төмөнкү принциптерге негизделет: сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнө, сүйлөмдүн маанисине, кептин интонациясына.

Бирок аталган принциптердин ар бири бардык учурда эле өзүнчө турган принцип катары каралбайт. Тескерисинче, бирин экинчиси шарттап туруучу бир бүтүндүн тутумдуу бөлүктөрү болуп эсептелет.

АДАБИЯТТАР:

1. Абакумов С.И. Методика пунктуации. 4-е изд.- М.: Учпедгиз, 1954.
2. Актанов Т. Грамматика: Педагогика окуу жайлары үчүн окуу китеби. 2-бөлүк, Синтаксис. –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.
3. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин пунктуациясын окутуу (жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси боюнча). –Фрунзе: Мектеп, 1970.
4. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Фрунзе: Мектеп, 1978.
5. Текучев А.В. Методика преподавания русского языка в средней школе.. –М.: Учпедгиз, 1958.
6. Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. –Фрунзе: Мектеп, 1981.
7. Шапиро А.Б. Основы русской пунктуации. –М.: АН СССР, 1955.

УДК 378.144

Г.К.Казиева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

## БАШТАЛГЫЧ МАТЕМАТИКАДА ГЕОМЕТРИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН ОРДУ

Билим берүүнүн сапатын жаңы денгээлге көтөрүү, педагогиканын кайсы гана тармагы болбосун жакшыртуу, кенже окуучулардын аң сезимин өстүрүү, билим денгээлин өркүндөтүү мамлекетибиздин бирден бир маанилүү максаттарынын бири.

Ошол болочоктогу инсандарды азыркы шартка ылайык, турмуштагы ар кандай кырдаалга аң сезимин, ийкемдүүлүгүн, жөндөмүн, ойлоосун өстүрүүдө алардын билимин, фундаментин бекемдөөдө кенже окуучуларга математика курсу боюнча материалдарды өздөштүрүү талапка ылайык.

Башталгыч математиканын бир тармагын геометриялык материалдар түзөт. Академик А.Н.Колмогоров белгилегендей, математика предметин дайыма көрсөтмөлүү кылып окуп үйрөтүүгө умтулуу зарыл. Ошондуктан геометириялык материалдарды окуп үйрөнүү математикалык ой жүгүртүүнүн калыптанышы менен тыгыз байланышта да кенже окуучулардын математикалык билим алуусунда негизги орунду ээлейт. Геометрияны окуп үйрөнүү, арифметикадан айырмаланып, кенже окуучулардын интеллектуалдык, эмоциялык жана эстетикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

Геометрия илими, аты көрсөтүп тургандай (жер ченөө), байыркы заманда адамдардын практикалык муктаждыктарынан келип чыккан. Эң алгачкы жер участокторун ченөө, бара-бара айлана-чөйрөнүн, мейкиндиктин касиеттерин, формаларын изилдөөгө өтүп, аларды жалпылоо аркылуу теориялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып, илимге айлана баштаган. Кээ бир изилдөөчүлөр геометриянын илим катарында калыптанышына 2500 жылдан кем эмес мезгил өттү деп эсептешет, анткени Евклиддин геометриясы биздин доорго чейин III кылымда жаралып, система катарында калыптанганы белгилүү.

Азыркы учурда геометрия математиканын өнүккөн тармагынын бири катарында каралып, өз учурунда бир нече тармактардан турат:

-Евклиддин геометриясы, Лобачевскийдин геометриясы, проективдик геометрия, дифференциалдык геометрия ж.б. [3].

Орто мектепте болсо, албетте, аталган тармактардын бири да толугу менен каралбай, жалпысынан геометрия деп аталган предмет окутулат. Ал башка окуу предметтериндей эле, илимдин дидактикалык иштелмеси, методикалык модели болуп саналат. Ал эми башталгыч мектепте геометрия пропедевтикалык максатта каралып, ошого жараша геометриялык материалдардын көлөмү аныкталат.

Башталгыч мектепте геометриянын пропедевтикалык максаты төмөнкүлөрдү көздөйт:

- окуучуларга алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша мектепке чейинки элестөөлөлөрүнүн негизинде тиешелүү билимдерди берүү аркылуу, айлана-чөйрөнүн касиеттерин толук талдоого, аны таанууга үйрөтүү;
- чөйрөдөгү нерселердин формаларын көрө билүүгө көнүктүрүү;
- чөйрөдү нерселердин бири-бирине карата болгон жайланууушусун аныктоо аркылуу мейкиндик элестөөлөрүн өнүктүрүү;
- окуучуларды орто мектептин кийинки циклинде геометрияны жакшы өздөштүрүп кетүүгө даярдоо;
- окуучулардын логикалык ой жүгүртүү сезимин козгоо, жалпы өнүгүүсүн камсыз кылуу аркылуу, аларды башка окуу предметтерин (мисалы, сүрөт, эмгек, дене тарбия ж.б) өздөштүрүүгө даярдоо;
- геометриялык чоңдуктар жөнүндө балдардын элестерин тереңдетип, чийүү, ченөө ыкмаларын калыптандыруу. Ага байланыштуу сан түшүнүгүн терендетүү аркылуу математиканын турмуш менен тыгыз байланышта экенин көрсөтүү [1].

Мына ошентип, башталгыч класстарда геометриялык материалдарды окутууда окуучулардын геометриялык жана мейкиндик элестөөлөрүн, ой жүгүртүү ыкмаларын өнүктүрүү менен, алардын практикалык (ченөө, чийүү, түзүү, эсептөө ж.б) көнүмүштөрүн калыптандыруу талабы коюлат.

Бир катар чет өлкөлүк психологдор балдар затты кабыл алууда алардын түсүн жана формасын карама-каршы коөт деп эсептешкен. Е.И.Игнатьеванын изилдөөсүндө көрсөтүлгөндөй, кенже окуучулар заттын формасын жана түсүн маанилүү касиети катары бөлүп карайт жана геометриялык фигураларды атоодо кыйналышат. Мисалы, квадратты төрт бурч формадагы зат менен, тегерекчени алмага окшоштурушат. Атайын окутуунун натыйжасында 2-3-класстын окуучуларында геометриялык фигураларды туура атоо жана ажырата билүүнүн тактыгы жогорулайт. Окуучулардын геометрияык фигуралары уч бурчтукту, төрт бурчтукту билип өздөштүрүүсү кабыл алуунун так жана туура болушунда маанилүү. Демек, геометриялык материал менен иштөөнү тыкандык менен жүргүзүү керек.

Эң биринчи, реалдуу объектилерди, чөйрөдөгү буюмдардын формаларын мейкиндикте жайланышуусун окуучуларга байкатып, ал боюнча талдоо жүргүзүүгө, сүйлөп берүүгө үйрөтүү керек. Ошол эле учурда нерселердин өлчөмдөрүнүн бирдей эместигине көңүл бурулуп, ченөө, чен бирдик түшүнүктөрү калыптана баштайт.

Башталгыч класстарда карала турган геометриялык объектилер анча көп эмес: чекит, сызык, түз сызык, кесинди, сынык сызык, бурч, көп бурчтук (үч бурчтук, төрт бурчтук, тик бурчтук, квадрат, беш бурчтук), айлана, тегерек. Андан тышкары, нерселердин өз ара жайланышуу катышы да маанилүү геометриялык объектини түзөт.

I-класстын алгачкы сабактарында мейкиндиктеги багыттар (сол жак, оң жак, өйдө, төмөн, алдында, артында, ортосунда, карама-каршысында болуу, ичинде деген түшүнүктөрдү берүү), аларга байланыштуу буюмдардын белгилүү ирееттүүлүктө жайланышуусу (сап, мамыча түшүнүктөрү) ылайыктуу сүрөттөрдүн жардамы менен каралат. Буларды сүрөттөрдөн тышкары, айлана-чөйрөдөгү буюмдарда жана жагдайларда да көрүү пайдалуу. Мисалы, класстагы, мектептеги, мектептин короосундагы буюмдардын жайгашуулары, багыттары, алардын салыштырмалуулугу окуучулардын сезимине жеткирилет. Геометриялык фигуралар менен, түрдүү оюн формасындагы иштер жүргүзүлөт. I-класста фигуралар формалары менен, ошондой эле алардын түстөрү, өлчөмдөрү, түрлөрү менен айырмаланат. Айлана-чөйрөдөгү буюмдардын ошол фигураларды табуу боюнча иштер уюштурулат, (кыргыздын курактан жасалган жер төшөгү, же туш кийизи баланын форма жөнүндө элесин кайсы бир деңгээлде калыптандыра алат).

6-7 жашар бала үчүн эң бир кызыктуу иш-бул геометриялык фигуралардан реалдуу буюмдарды түзүү. Мындан тышкары, чакмак дептерге геометриялык орнаменттерди тартуу, баларды боео иштери уюушулат

I-класста ченелүү сандагы геометриялык объектилери сызык, түз сызык, кесинди

түшүнүктөрү киргизилип, аларды сызуу, чөнөө иштери жүргүзүлүп, узундуктун алгачкы чен бирдиктери-дециметр, сантиметр каралып, алардын байланыштары ачылат.

2-класста сынык сызык, айлана, тегерек, тик бурчтук, квадрат сыяктуу геометриялык обңектилер каралат. Мында сызык (фигуранын чеги) жана жалпак фигура (тегиздиктин бөлүгү) салыштырылып көрсөтүлөт. Ага байланыштуу ар кандай фигуралар аралаш номер менен берилип, сызыктардын (же конкреттүү түрдө-кесиндилердин, туюк сынык сызыктардын) же көп бурчтардын номерлерин жаз деген сыяктуу тапшырмалар сунуш этилет.

Негизинен геометриялык обңектилеринин басымдуу бөлүгү 2-класста үйрөтүлөт. Ал эми 3-4-класстарда ушул эле объектилер менен болгон иштер терендетилип (мисалы, айлана, тегеректерди сызуу, бөлүктөргө бөлүү), геометриялык мазмундагы маселелер берилип турат. Мындан сунуш этилген иштердин түрлөрү жетиштүү болуп, окуучулардын геометриялык түшүктөрүн калыптандырууга багытталат. Башталгыч математикада аралык түшүнүгү киргизилип, кесиндинин узундугуна мисал келтирилип каралат. Бул физика менен предмет аралык байланышын түзүп, аралык, ылдамдык, убакыт чондуктары менен иш жүргүзүүгө, математиканы турмуш менен байланыштырууга шарт түзөт. Акыркы жагдайда эң маанилүү-математиканын прикладдык маңызын ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мында көрсөтмө куралдар, практикалык иштер, турмуш менен байланышкан маселелер, чоң мааниге ээ болуп калат, анткени алар математиканын прикладдык маанисин ачканга жардам берет.

Геометрия курсун окуп үйрөнүүнүн ар бир этабында көрсөтмө куралдарды, графаларды, моделдерди, геометриялык фигураларды колдоно билүү керек. Ошол эле учурда мейкиндиктеги фигуралар менен тегиздиктеги фигураларды айырмалай билүү, заттардын маанилүү касиетин салыштырып көрө билүү, объектини анализдөө ж.б. багыттуу аракеттерди өздөштүрүүгө көнүктүрүү менен алардын кабыл алуусу калыптанат.

Жалпылап айтканда, башталгыч класстарда геометриялык материалдар менен иштөө окуучуларды мектептин кийинки циклинде геометриянын систематикалык курсун окууга даярдоо, ошондой эле окутууну турмуш менен байланыштырууга жардам берет.


АДАБИЯТТАР:

1. Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. Башталгыч класстардын программалары. -Бишкек: Шам, 2002.
2. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы. -Бишкек, 2001.
3. Пышкало А.М. Методика обучения элементам геометрии в начальных классах. -М.: Просвещение, 1973.
4. Худайбердиев О.Х. Роль геометрического материала в активизации учебной работы младших школьников на уроках математики: Автореф. дис. канд.пед.наук. -Ташкент.
5. Шадрина И.В. Принципы построения системы обучения младших школьников элементам геометрии. //Начальная школа. -2001. -№10. -с. 37-47.


УДК 378. 145

Н.О. Мааткеримов, Б.К. Калдыбаев, Б. Дж.Айтуганова

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ В УСЛОВИЯХ УНИВЕРСИТЕТСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

Вся жизнедеятельность человека, направленная на развитие производственных сил, удовлетворение материальных и духовных потребностей связана с использованием природных ресурсов. В то же время, научно-технический прогресс нередко усложняет взаимоотношения человека с окружающей средой, вносит весьма заметные и непредвиденные изменения в экологические системы и в регуляцию биосферы в целом [1].

Рациональное использование природных ресурсов и эффективная охрана окружающей среды могут осуществляться лишь в таких условиях, когда наши отношения с природой будут осуществляться на строгой правовой основе. Во всем мире за последние десятилетия произошел скачкообразный рост интереса к деятельности общественных и неправительственных организаций занимающихся защитой окружающей среды, что является